DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 11, 2020

Абдыкааров А.М., Азизилла кызы Г., Таалайбек кызы К.

ОШ ШААРЫНДАГЫ СИНАНТРОПТУК КАНАТТУУЛАРДЫН ОТУРУКТАШУУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Абдыкааров А.М., Азизилла кызы Г., Таалайбек кызы К.

ХАРАКТЕР ПРЕБЫВАНИЯ СИНАНТРОПНЫХ ВИДОВ ПТИЦ ГОРОДА ОШ

A.M. Abdykaarov, Azizilla kyzy G., Taalaibek kyzy K.

NATURE OF STAY OF SYNANTHROPIC BIRD SPECIES IN OSH

УДК: 598.2/.9:504.54.05

Макалада изилдөөлөрүбүздүн натыйжасында Ош шаарында байырлаган 21 түр синантроптук канаттуулардын катталгандыгы жана алардын отурукташуу мүнөзү берилди. Алардын ичинен 10 түрү отурукташкан (BW), 8 түрү келгин (B), 4 түрү кыштоочу (W) жана 1 түрү мигрант (M) экендиги аныкталды. Ал эми Motacilla personata жана Sturnus vulgaris түрлөрүнүн отурукташкан жана келгин популяцияларынын байырлагандыгы белгилүү болду. Синантроптук канаттуулардын түрдүк курамынын улам өсүп жаткандыгын табигый экосистемаларда байырлаган шакек моюн бактектин (Streptopelia decaocto), кара таркылдактын (Turdus merula), талаа таранчысынын (Passer montanus) ж.б. шаар экосистемаларында негизги синантроптук түрлөр катары кездешкендиги далилдейт. Ал эми Маданий ландшафттардын аянтынын улам кеңейүүсү, табигый экосистемалардын улам азаюусу табигый экосистемаларда байырлаган кээ бир түрлөрдүн синантропизациялануусуна алып келип жаткандыгы белгилүү болду.

Негизги сөздөр: *маданий ландшафт, синантроптук түрлөр, биомертинтүүчү түлөр, биотоптор, отурукташуу өзгөчөлүктөрү, визитерлор, мигранттар, урбанизацияланган экосистемалар.*

В этой статье дан систематический список синантропных видов птиц города Ош и их характер пребывания, где из-них 10 видов являются оседлыми (BW), 8 видов перелетными гнездящими (B), 4 вида зимующими (W) и 1 вид пролетным (M) видом. В результате наших исследований выявлено, что Motacilla personata жана Sturnus vulgaris являются пролетными видами, но они встречаются и в зимний сезон. В настоящее время такие виды, как кольчатая горлица (Streptopelia decaocto), черный дрозд (Turdus merula) и полевой воробей (Passer montanus), являющиеся обитателями естетвенных ландшафтов являются доминантными видами в городских экосистемах Это определяет рост видового состава синантропных видов. А увеличение территории искусственных ландшафтов и уменьшение территории естественных ландшафтов приводит к синантропизации отдельных видов птиц.

Ключевые слова: *культурный ландшафт, синантропные виды, биоповреждающие виды, биотопы, характер пребывания, визитеры, мигранты, урбанизированные экосистемы.*

This article provides a systematic list of synanthropic bird species in Osh and their nature of residence , where 10 of them are sedentary (BW), 8 species are pre-flight nesting (B), 4 species are wintering (W), and 1 species is a fly- by (M) bird. As a result of our research, it was revealed that Motacilla personata of Jean Sturnus vulgaris is a flying species, but they are also found in the winter season. Currently, species such as the ringed dove (Streptopelia decaocto), the blackbird (Turdus merula) and the field sparrow (Passer montanus), which are inhabitants of natural landscapes, are the dominant species in urban ecosystems. This determines the growth of the species composition of synanthropic species. An increase in the territory of artificial landscapes and a decrease in the territory of natural landscapes leads to the synanthropization of certain bird species.

Key words: *cultural landscape, synanthropic species, biologically damaging species, biotopes, nature of stay, visitors, migrants, urbanized ecosystems.*

Киришүү. Шаар экосистемасындагы адам баласынын тиричилик аракети бир жагынан андагы жаныбарлардын, алардын ичинен канаттуулардын жашоо чөйрөсүн жабыркатып, алардын жашоосуна терс таасирин тийгизсе, экинчи жактан алардын жашоосу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүп берет. Булардын натыйжасында синантроптук түрлөрдүн санынын улам жогорулап жана отурукташуу мүнөздөрүнүн өзгөрүп жаткандыгы байкалып жатат. Андыктан да бул макаланын темасы бүгүнкү күндө актуалдуу болуп саналат.

Изилдөө максаты. Изилдөөнүн максаты болуп Ош шаарынын мисалында Кыргызстандын түштүк аймактарындагы шаар экосистемаларында байырлаган синантроптук канаттуулардын отурукташуу мүнөздөрүн аныктоо болуп саналат.

Материал жана изилдөө методдору. Макалага

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

2019-2020-жылдарда жүргүзүлгөн орнитологиялык изилдөөлөр аркылуу алынган материалдардын жыйынтыктары берилди.

Канаттуулардын түрлөрү «Птицы Киргизии» (Шукуров Э.Ж., 1981, 1986) [9], «Определитель птиц фауны СССР» (Второв П.П., Дроздов Н.Н., 1980) [3] эмгектерин пайдалануу менен визуалдык учет аркылуу аныкталды. канаттуулардын систематикалык тизмеси "Систематический список позвоночных животных Кыргызстана" (Торопова В.И., Кулагин С.В., 2010) [6] жана "Кадастр генетического фонда Кыргызстана: том IV. тип Chordata – Хордовые" (2015) [5] аркылуу түзүлдү. ал эми түрлөрдүн кыргызча аталышы А.А. Алдашевдин "Биология терминдеринин жана айбанат аттарынын орусча-кыргызча сөздүгү" [2] аркылуу берилди.

Акыркы мезгилдердерде Кыргызстандын маданий ландшафттарында орнитологиялык изилдөөлөр А.М. Абдыкааров [1], А.А. Жусупбаева [4], К.Ы. Стамалиев жана А.М. Абдыкааров [7; 8] тарабынан жүргүзүлүп жаткандыгы белгилүү. Бирок, Ош шаарындагы синантроптук биомертинтүүчү түрлөрдүн отурукташуу өзгөчөлүктөрү жана алардын биотоптор боюнча таралуусу боюнча изилдөө жыйынтыктары чагылдырылган илимий макалалар жокко эсе.

Изилдөө жыйынтыктары. Биздин 2019-2020-жылдардагы изилдөөлөрүбүздөн ош шаарында 21 түр синантроптук канаттуулардын кездешери аныкталды (1-табл.).

1-таблица

Ош шаарында кездешүүчү синантроптук канаттуулардын систематикалык тизмеси

№	Кыргызча аталышы	Латынча аталышы	Орусча аталышы
I	**Көгүчкөн сымалдар түркүмү**	***Columbiformes* (Latham, 1790)**	**Отряд голубеобразные**
1.1.	Көгүчкөндөр тукуму	*Columbidae* Leach, 1820	Семейство голубиные
1.1.1.	Көгүчкөндөр уруусу	*Columba* Linnaeus, 1758	Род голуби
1.	Көк көгүчкөн	*Columba livia* Gmelin, 1789,	Сизый голубь
1.1.2.	Бактектер уруусу	*Streptopelia* Bonaparte, 1855	Род горлицы
2.	Шакекчи бактек	*Streptopelia decaocto* (Frivaldszky, 1838)	Кольчатая горлица
3.	Мисче (кидик) бактек	*Streptopelia senegalensis* Linnaeus, 1766	Малая горлица
II	**Карлыгач сымалдар түркүмү**	***Apodiformes Peters, 1940***	**Отряд стриже-образные**
2.1.	Карлыгачтар тукуму	*Apododae Hartert, 1897*	Семейство стрижеобразные
2.1.1	Карлыгачтар уруусу	*Apus Scopoli, 1777*	Род стрижи
4.	Кара карлыгач	*Apus apus* Linnaeus, 1758	Черный стриж
5.	Ак боор карлыгач	*Apus melba* Linnaeus, 1758	Белобрюхий стриж
II	**Үкү сымалдар түркүмү**	***Strigiformes* Wagler, 1830**	**Отряд совообразные**
2.1.	Үкүлөр тукуму	*Strigidae* Leach, 1820	Семейство совиные
2.1.1.	Бабыргандар уруусу	*Athene* Boie, 1822	Род домовые сычи
6.	Бабырган, байкуш	*Athene noctua* (Scopoli, 1769)	Домовый сыч
III	**Таранчы сымалдар түркүмү**	***Passeriformes* Linnaeus, 1758**	**Воробьино-образные**
3.1.	**Чабалекейлер тукуму**	*Hirundinidae* Rafinesque, 1815	**Семейство ласточковые**
3.1.1.	Үй чабалекейлер уруусу	*Hirundo* Linnaeus, 1758	Род касатки
7.	Чабалекей	*Hirundo rustica* Linnaeus, 1758	Деревенская ласточка, касатка
8.	Күрөң бел чабалекей	*Hirundo daurica* Linnaeus, 1771	Рыжепоясничная ласточка
3.1.2.	Шаар чабалекейлер уруусу	*Delichon* Horstfield, 1854	Род городских ласточек
9.	Ак куйрук чабалекей	*Delichon urbica* (Linnaeus, 1758)	Городская ласточка, воронок
3.2	***Жылкычы кучкачтар тукуму***	***Motacillidae* Horstfield, 1854**	*Семейство трясогузковые*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

3.2.1.	*Жылкычы кучкачтар уруусу*	*Motacilla* Linnaeus, 1758	*Род трясогузки*
10.	Жылкычы кучкач, ак жылкычы кучкач	*Motacilla personata* (Gould, 1861)	Маскированная трясогузка
3.3	**Чыйырчыктар тукуму**	***Sturnidae* Rafinesque, 1815**	**Семейство скворцовые**
3.3.1	Чыйырчыктар уруусу	*Sturnus* Linnaeus, 1758	Род скворцы
11.	Кара чыйырчык	*Sturnus vulgaris* Linnaeus, 1758	Обыкновенный скворец
12.	Ала (кызгылт) чыйырчык	*Sturnus roseus* Linnaeus, 1758	Розовый скворец
3.3.2	Майналар уруусу	*Acridotheres* Veillot, 1816	Род майны
13.	Майна, афган (инд) чыйырчыгы	*Acridotheres tristis* (Linnaeus, 1766)	Майна
3.4	***Каргалар тукуму***	***Corvidae* Leach, 1820**	**Семейство врановые**
3.4.1	Каргалар уруусу	*Corvus* Linnaeus, 1758	Род вороны
14.	Чөкө таан, таан	***Corvus monedula* Linnaeus, 1758**	Галка
15.	Чаар карга	*Corvus frugilegus* Linnaeus, 1758	Грач
16.	Ала карга	*Corvus cornix* Linnaeus, 1758	Серая ворона
3.5	***Таркылдактар тукуму***	***Turdidae* Rafinesque, 1815**	**Семейство дроздовые**
3.5.1	*Таркылдактар уруусу*	*Turdus* Linnaeus, 1758	Род дрозды
17.	Кара талкылдак	*Turdus merula* Linnaeus, 1758	Черный дрозд
3.6	**Таранчылар тукуму**	***Passeridae* Rafinesque, 1815**	***Семейство воробьиные***
3.6.1	Таранчылар уруусу	*Passer* Brisson, 1760	Род воробьи
18.	Таранчы, таранчы чымчык	*Passer domesticus* Linnaeus, 1758	Домовый воробей
19.	Талаа таранчысы	*Passer montanus* Linnaeus, 1758	Полевой воробей
3.7	**Мукурлар, кунактар тукуму**	***Fringillidae* Linnaeus, 1758**	**Семейство вьюрковые**
3.7.1	Мукурлар уруусу	*Fringilla* Linnaeus, 1758	Род вьюрки
20.	Ушучук, токой таранчысы	*Fringilla coelebs* Linnaeus, 1758	Зяблик
3.8	**Думбул сымалдуулар тукуму**	***Emberizidae* Vigors, 1825**	***Семейство овсянковые***
3.8.1	Думбул сымалдуулар уруусу	*Emberiza* Linnaeus, 1758	*Семейство овсянковые*
21.	Чөң чыйпылдак, чоң думбул	*Emberiza calandra* Linnaeus, 1758	Просянка

Жогорудагы 21 түрдүн басымдуу бөлүгү, б.а. 14 түрү - көк көгүчкөн *(Columba livia),* шакек моюн бактек *(Streptopelia decaocto),* кидик бактек *(Streptopelia senegalensis),* чабалекей (кыштак чабалекейи) *(Hirundo rustica),* күрөң бел чабалекей *(Hirundo daurica),* ак куйрук (шаар) чабалекейи *(Delichon urbica),* кара чыйырчык *(Sturnus vulgaris),* кызгылт (ала) чыйырчык *(Sturnus roseus)*, майна *(Acridotheres tristis),* чаар карга *(Corvus frugilegus),* ала карга *(Corvus cornix)*, кара таркылдак *(Turdus merula),* үй таранчысы *(Passer domesticus)* жана талаа таранчысы *(Passer montanus)* биомертинтүүчү түрлөр болуп саналат.

Алардан сырткары Ош шаарында синантроптук түр катары саналбаган көк карга сымалдуулардан *(Corassiformes)* көк сооруну (сары аарычыл) *(Merops apiaster)* жана жашыл сооруну (жашыл аарычыл) *(Merops persius)* биомертинтүүчү түрлөр катары кароого болот. Себеби, алар аарылар менен тамактангандыктан аарычылык чарбачылыгына терс таасирин тийгизишет.

Ош шаарындагы синантроптук биомертинтүүчү түрлөрдүн отурукташуу категорияларын изилдөө аркылуу 2-талицадан көрүнүп тургандай 10 түрү отурукташкан (BW), 8 түрү келгин (B), 4 түрү кыштоочу жана 1 түрү мигрант болуп саналат. Ал эми синантроптук канаттуулардын ичинен Ош шаарында кокустан учуп келген визитерлор катталбады.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

2-таблица

Ош шаарында байырлаган биомертинтүүчү канаттуулардын отурукташуу өзгөчөлүктөрү

№	Түрдүн латынча аталышы	Кыргызстанда	Ош шаарында				
			BW	B	W	M	V
1.	*Columba livia*	BW	+				
2.	*Streptopelia decaocto*	BW	+				
3.	*Streptopelia senegalensis*	BW	+				
4.	*Apus apus*	B		+			
5.	*Apus melba*	B		+			
6.	*Athene noctua*	BW	+				
7.	*Hirundo rustica*	B		+			
8.	*Hirundo daurica*	B		+			
9.	*Delichon urbica*	B		+			
10.	*Motacilla personata*	B	+	+			
11.	*Sturnus vulgaris*	B	+	+			
12.	*Sturnus roseus*	B		+			
13.	*Acridotheres tristis*	BW	+				
14.	*Corvus monedula*	BW			+		
15.	*Corvus frugilegus*	BW			+		
16.	*Corvus cornix*	W			+		
17.	*Turdus merula*	BW	+				
18.	*Passer domesticus*	BW	+				
19.	*Passer montanus*	BW	+				
20.	*Fringilla coelebs*	M, W			+		
21.	*Emberiza calandra*	BW				+	
	Баары:		**10**	**8**	**4**	**1**	**-**

Эскертүү: *BW – отурукташкан канаттуулар; B – уялап көбөйүүчүлөр, келгин канаттуулар; W – кыштоочу канаттуулар; M – мигрант (кыска аралыкка орун которушат); V – кокустан учуп келе калгандар, же визитерлор.*

Кара чыйырчык (*Sturnus vulgaris*) уялоочу-келгин канаттуу болгону менен Ош шаарындагы кыш мезгилиндеги жыштыгы жай мезгилиндеги жыштыгынан кескин айырмаланбайт. Демек, көпчүлүгү кыш мезгилинде кыштап, отурукташкан түргө айланышкан. Ошондой эле жарым синантроптук канаттуулардан жылкычы кучкач (*Motacilla personata*) кыш мезгилинде Ош шаарынын бир-эки, көп кабаттуу үйлөр, Ак-Буура дарыясынын жээк экотону, жашыл аймактар ж.б. битопторунда да кездешкендиги аныкталды.

Ошондой эле, чаар карга (*Corvus frugilegus*) жана таанды *(Corvus monedula)* адабияттык маалыматтар боюнча [3] «отурукташкан» түр (*«BW»*) катары эсептелгени менен биздин изилдөөлөрдө Ош шаарынын биотопторунда кыш, эрте жаз жана кеч күз мезгилдеринде гана кездешкендиги белгилүү болду. Бул түрлөрдүн мындай категорияга өтүшү – урбанизациялаган экосистемалардагы климаттык шарттарга, тамагына жана жашоо образына байланыштуу болот.

Корутунду. Табигый экосистемалардан айырмаланып шаарларда кыш мезгилиндеги жагымдуу шарттын болушу (уялоочу орундуктар, тамак базасы (тамак-аш калдыктар), шаардагы климаттын бир топ жылуу болушу ж.б.) шаар экосистемасындагы канаттуулардын түрдүк курамынын көбөйүп жаткандыгына негизги фактор болуп саналат.

Синантроптук канаттуулардын түрдүк курамынын улам өсүп жаткандыгына табигый экосистемаларда байырлаган шакек моюн бактектин *(Streptopelia decaocto)*, кара таркылдактын *(Turdus merula)*, талаа таранчысынын *(Passer montanus)* ж.б. шаар экосистемаларында негизги синантроптук түрлөр катары кездешкендиги далил болуп саналат.

Ал эми отурукташкан түрлөрдүн түрдүк курамы-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

нын көп болуусу уялап көбөйүүчү түрлөрдүн эсебинен ишке ашат.

Демек, калктын санынын өсүшү аркылуу маданий ландшафттардын аянтынын улам кеңейүүсү, шаарлардагы урбанизациялык процесстердин ылдамдашы, табигый экосистемалардын улам тарып баруусу табигый экосистемаларда байырлаган кээ бир түрлөрдүн синантропизациялануусуна алып келет.

Адабияттар:

1. Абдыкааров А.М. Птицы города Ош и его окрестностей: автореф. дис.…канд.биол.наук: 03.00.08 / А.М.Абдыкааров. - Бишкек, 2005. - 25 с.
2. Алдашев А.А. Биология терминдеринин жана айбанат аттарынын орусча-кыргызча сөздүгү. - Б.: Кыргызстан-Сорос фонду, 1998. - 296-б.
3. Второв П.П., Дроздов Н.Н. Определитель птиц фауны СССР: Пособие для учителей. - М.: Просвещение, 1980. - 256 с., ил.
4. Жусупбаева А.А. Птицы города Бишкек (численность, пространственно-временная структура и организация): автореф. дис. …канд. биол. наук: 03.02.04 / А.А. Жусупбаева. - Бишкек, 2013. - 24 с.
5. Кадастр генетического фонда Кыргызстана: том IV. Тип Chordata-хордовые. - Б., 2015. - 128 с.
6. Систематический список позвоночных животных Кыргызстана. - Б., 2010. - 116 с.
7. Стамалиев К.Ы. Түштүк Кыргызстандын урбанизацияланган экосистемаларынын таранчы сымал (Passeriformes) канаттуулары: автореф. дис. …канд. биол. наук: 03.02.04 / К.Ы.Стамалиев. - Бишкек, 2014. - 26 с.
8. Стамалиев К.Ы., Абдыкааров А.М. Урбанизацияланган экосистемалардагы таранчы сымал *(Passeriformes)* канаттуулар / Вестник ОшГУ. Сер. естеств. наук. - 2014. - Спец. вып. - С. 191-195.
9. Шукуров Э.Д. Птицы Киргизии: Науч. попул. очерк: В 2-х т. - Т.1-2. - Фрунзе: Мектеп, 1981. - 1986. - Т.1. - 1981. – 144 с.; Т.2. - 1986. - 160с.